# Жолдо жүрсөң абайла!





# Жол чырак

- Жол чырак(светофор)-бар жерде жашыл күйгөндө  гана өткүлө.Мында да жол кыймылы коопсуз экенин алдын ала караш керек.
- Жолдо машина жок болсо да, кызыл же сары күйүп турганда жолдон өтүүгө болбой турганын эске алгыла.

presentation-creation.ru



# Аялдамада

- Жолдун четинде токтоп, жолдогу кыймылды тосуп турган машинанын артынан эч качан жолго чыкпагыла. Аялдамада турган троллейбустун же автобустун алдынан да артынан да кесе өтпөш керек.Жакын жердеги жөө кишилер өтчү белгиге чейин барып , жолду ошол жерден өткүлө.
- Жолдон өтүп бара жатканда сөзгө алагды болбош керек.
- Каршы бетте токтоп турган коомдук унааны көрүп , шашып чуркабагыла.
- Убакыт жетиштүү болушу үчүн үйдөн дайыма эртелеп чыгуу керек.
- Жолдун тийиштүү жерлеринен гана өтүүгө көнгүлө.

presentation-creation.ru